


# АЧЫК АЙТКАНЫ ҮЧҮН КАМАККА АЛЫНДЫ

**Соня Дахмани**

Тунис Республикасы

# СОНЯ ДАХМАНИ

Тунис Республикасы





Соня Дахмани деңизди, достору менен куум жээктерде өткөргөн узак күндөрдү жана кино көрүп эс алган тынч кечтерди жакшы көрөт. Ал живопистен, сүрөт көргөзмөсүнөн, театрдан жана музыкага чейин искусствонун бардык түрлөрүн терең баалайт. Бирок Соня үчүн эң негизгиси анын үй-бүлөсү жана сүйүктүү ити Карла.

Соня өз өмүрүн адам укуктарын коргоого арнаган адвокат жана медиа-комментатор. Ал тобокелдиктерге карабастан, башкалар айтуудан корккон адилетсиздиктерди ачык айткан. Соня абактагы адамгерчиликсиз шарттарды жана расизмди катуу сынга алып, бул көйгөйлөрдү теле жана радио аркылуу үзгүлтүксүз билдирип келген.

2024-жылдын 11-майында беткапчан полиция кызматкерлери Тунистеги Адвокаттар коллегиясына тинтүү жүргүзүп, Соняны камакка алган. Ошондон бери ал Мануба түрмөсүндө камакта. Тунис бийликтери аны “жалган маалымат тараткан” деген негизсиз айыптар менен жоопко тартып, түрмөгө кесилип кеткен. Кошумча, ага карата ачылган саясий негиздеги тергөө иштери дагы эле каралууда. Ал адилетсиздикке каршы чыкканы үчүн гана көп жылга эркинен ажырап жатат. Камакка алуу - бул анын оозун жабууга жасалган ачык аракет.

Соня абакта адамгерчиликсиз шарттарда кармалып турат. Ал отурган камера келемиштерге толгон. Ага түрмө кызматкерлери тарабанын катаал мамиле жасалууда. Ошондой эле, медициналык кароо камсыздалбай, ал зарыл болгон дары-дармектерди алалбай келет.

**Сонянын эркиндигин азыр талап кылыңыз!**

## ПРЕЗИДЕНТКЕ КАТ ЖАЗЫҢЫЗ

Тунис бийлигинен Соняны тезинен жана эч кандай шартсыз бошотууга, ага коюлган бардык айыптарды алып салууга чакырыңыз. Ал болгону сөз эркиндигине болгон укугун колдонгону үчүн түрмөгө отургузулду.

| | |
|---|---|
| **ДАРЕГИ** | President of Tunisia<br>Carthage Presidential Palace<br>La Goulette Road<br>Carthage Archaeological Site<br>Tunis<br>Тунис Республикасы |
| **КАЙРЫЛУУ:** | Улуу Урматтуу Президент |
| **Э-ПОЧТАСЫ:** | contact@carthage.tn |
| **ФЕЙСБУК:** | www.facebook.com/Presidence.tn |
| **X:** | @TnPresidency |
| **ХЭШТЕГС:** | #FreeSonia, #W4R25 |

## СОНЯГА АЛ ЖАЛГЫЗ ЭМЕСТИГИН БИЛДИРИҢИЗ

Соняга үмүт жана тилектештик каттарын жөнөтүңүз. Сиз анын Тунистеги адам укуктары үчүн болгон күрөшүн колдой турганыңызды билдириңиз. Катыңызга кошуп, иттердин/күчүктөрдүн сүрөттөрүн тартып жиберсеңиз болот (Сонянын Карла аттуу ити бар).

| | |
|---|---|
| **ДАРЕГИ:** | Sonia Dahmani<br>c/o Amnesty International Tunisia<br>5 Rue Zouhair Ayadi<br>El Menzah 4<br>Ariana, Tunis 1082<br>Тунис |
| **ИНСТАГРАМ:** | freesoniadahmani |
| **ХЭШТЕГС:** | #FreeSonia, #W4R25 |

Биринчи беттеги сүрөт: © Private, © Getty/iStock
Экинчи беттеги сүрөт: © Private, © Pexels
Сентябрь – 2025 ж.
Индекс: MDE 30/9335/2025